УДК: 81/80. ББК: 81, А 44

**Акынбекова А. У.**
филология илимдеринин доктору
*Ж.Баласагын атындагы*
*Кыргыз улуттук университети*

**КЫРГЫЗ ЛИНГВИСТИКАСЫНА ЭМГЕГИ СИҢГЕН АКАДЕМИК БҮБҮЙНА ОРУЗБАЕВА**
(Б.Ө. Орузбаеванын 100 жылдык маарекесине карата)

**Акынбекова А. У.**
Доктор филологических наук
*Кыргызский национальный университет*
*Ж.Имени Баласагына*

**ЗАСЛУГИ В КЫРГЫЗСКОЙ ЛИНГВИСТИКЕ АКАДЕМИКА БУБУЙНЫ ОРУЗБАЕВОЙ**
(К 100-летию со дня рождения Б.О. Орузбаевой)

**Akynbekova Aiman Usenbaeva**
Doctor of Philology
*Kyrgyz National University*
*named after Zh.Balasagyna*

**ACHIEVEMENTS IN KYRGYZ LINGUISTICS ACADEMICIAN BUBUINA ORUZBAEVA**
(To the 100th anniversary of the birth of B.O. Oruzbaeva)

**Аннотация.** Макалада *илим жаатында* кыргыз кыз-келиндеринин ичинен *биринчилерден болуп докторлук ишин коргогон* чыгаан окумуштуу, филология илимдеринин доктору, профессор, Улуттук илимдер академиясынын академиги Бүбүйна Өмүрзаковна Орузбаеванын кыргыз лингвистикасындагы байыркы түрк жазуу эстеликтери, кыргыз адабий тилинин тарыхы, тилдердин өз ара байланышы (кыргыз жана орус тилдери), жалпы элдик тил менен адабий тилдин карым-катышы, кыргыз тилинин грамматикасы (морфология жана сөз жасоо), лексикология жана лексикография, кош тилдүүлүк, интерференция сыяктуу маселелердеги илимий эмгектери иликтөөгө алынды. Ошону менен катар Бүбүйна Өмүрзаковнанын кыргыз тилинин тарыхына, грамматикасына, лексикология, лексика, терминологиясына арналган кыргыз тил илиминдеги илимий деңгээлде алгачкылардан болуп иштелип чыккан эмгектери жана сунуштаган урунттуу теориялык маселелери каралды. Шакиртерди даярдоодо кыргыз тил илимине кошкон зор салымы да белгиленди.

**Негизги сөздөр:** байыркы түрк жазуу эстеликтери, кыргыз адабий тилинин тарыхы, грамматика, лексикология жана лексикография, кош тилдүүлүк, интерференция.

**Аннотация.** Статья посвящена научным работам Бубуйны Омурзаковны Орузбаевой, выдающегося ученого, первой среди кыргызских женщин защитившей докторскую степень в области филологических наук, профессора, академика Национальной академии наук. В нем были исследованы такие вопросы, как древнетюркские письменные памятники в кыргызском языкознании, история кыргызского литературного языка, взаимосвязь языков (киргизского и русского языков), соотношение простого языка и литературного языка, грамматика кыргызского языка (морфология и словообразование), лексикология и лексикография, двуязычие и интерференция. Наряду с этим рассматривались работы Бубуйны Омурзаковны по истории, грамматике, лексикологии, лексикону и терминологии кыргызского языка, которые первыми получили развитие на научном уровне, и важнейшие теоретические вопросы, предложенные ею. Также был отмечен большой вклад кыргызского языкознания в подготовке студентов.

**Ключевые слова:** древнетюркские письменные памятники, история кыргызского литературного языка, грамматика, лексикология и лексикография, двуязычие, интерференция.

**Annotation.** The article is devoted to the scientific works of Bubuina Omurzakovna Oruzbaeva, an outstanding scientist, the first kyrgyz woman to defend a doctorate in philology, professor, acade-

mician of the National Academy of Sciences. It explored such issues as ancient turkic written monuments in kyrgyz linguistics, the history of the kyrgyz literary language, the relationship of languages (kyrgyz and russian), the ratio of simple language and literary language, grammar of the kyrgyz language (morphology and word formation), lexicology and lexicography, bilingualism and interference. Along with this, Bubuina Omurzakovna's works on the history, grammar, lexicology, vocabulary and terminology of the kyrgyz language, which were the first to be developed at the scientific level, and the most important theoretical issues proposed by her, were considered. The great contribution of kyrgyz linguistics to the training of students was also noted.

**Keywords:** ancient turkic written monuments, the history of the kyrgyz literary language, grammar, lexicology and lexicography, bilingualism, interference.

Англиялык окумуштуу Бенджамин Франклин: "Өлгөндөн кийин унутулгуңуз келбесе, окула турган китеп жазыңыз же китеп болуп жазыла турган өмүр сүрүңүз", – деген экен.

*Бул жагынан алганда, илим жаатында* кыргыз кыз-келиндеринин ичинен *биринчилерден болуп 1964-жылы докторлук ишин коргогон,* чыгаан окумуштуу, филология илимдеринин доктору, профессор, Улуттук илимдер академиясынын академиги *Бүбүйна Орузбаева эжебиз татыктуу китептерди да жазды, китеп да болуп жазыла турган өмүр сүрдү.* Тактап айтканда, академик *Бүбүйна* Өмүрзаковна кыргыз тил илимине байланыштуу байыркы түрк жазуу эстеликтери, кыргыз адабий тилинин тарыхы, тилдердин өз ара байланышы (орус жана кыргыз тилдеринин карым-катыштары), жалпы элдик тил менен адабий тилдин карым катышы, кыргыз тилинин грамматикасы (морфология жана сөз жасоо), лексикология жана лексикография, кош тилдүүлүк, интерференция ж.б. маселелерине байланыштуу 21 монография, 10 сөздүк (авторлош) жазып, 200 дөн ашык илимий, илимий-популярдуу, илимий-публицистикалык, илимий-методикалык, саясий мүнөздөгү макалаларды жарыялады. Алсак, анын лингвистикалык мүнөздөгү "Кыргыз тилинин үндүү-үнсүз тибиндеги уңгу морфемалардын структуралык-морфологиялык өзгөчөлүгү", "Бир маанилүү синонимдик жуптардын пайда болушунда тыбыштардын алмашуусунун ролу" аттуу илимий эмгектеринде кыргыз тилиндеги сөздөрдүн структурасы, уңгу морфемалардын негиздери жана типтери, алардын жасалышы жана тыбыштык дал келүүлөрү, тилдин өнүгүшүнүн тарыхый процессинде кыргыз тилинде генетикалык жактан тектеш формалардын пайда болушу, функционалдык-семантикалык өзгөчөлүктөрү каралган [1, 42-б.].

Сөздүн структуралык өзгөчөлүктөрүн талдоого алып, агглютинативдик тилдерде сөз жасоонун борбордук проблемасы уңгу боло тургандыгын "Сөз" деген монографиясында аныктап, зор маанилүү эмгек жараткан [1, 42-б.].

Кыргыз тилиндеги сөз жасоонун негизги теориялык жоболору, анын ыкмалары, ошону менен бирге тилдин лексика-семантикалык бирдиги катарында аныктоосу "Кыргыз адабий тилинин жалпы элдик негизи жөнүндө" деген китебинде берилген [4, 92-б.]. Аталган китепте Б. Ө. Орузбаева адабий тил жөнүндө маселени көтөрүп, аны аныктоонун критерийин белгилеген. Анын алгачкы монографиясы "Кыргыз тилинде этиштин өткөн чагы"(1953) деп аталып, азыркы кыргыз тилиндеги этиштин өткөн чагынын формалары жана анын түрлөрү, чакты уюштуруучу **-чу, -ыптыр** морфемалары жана алардын грамматикалык мүнөздөмөсү кыргыз тил илиминде илимий деңгээлде алгачкылардан болуп иштелип чыккан [8, 20-23-б.]. Андыктан бул эмгектин далилдүү эрежелери орто мектептердин жана жогорку окуу жайлардын окуу китептерине жана окуу куралдарына, кыргыз тилинин грамматикасынын негиздүү бөлүмдөрүнө киргизилген.

Б. Ө. Орузбаеванын кыргыз тил илиминдеги көрүнүктүү жана белгилүү даражада терең илимий деңгээлде жазылган, жаңыча илимий ой жүгүрткөн баалуу эмгектеринин бири болуп "Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жасалышы" деген монографиясы эсептелет [7, 311-б.]. Аталган монографияда көптөгөн факты-материалдарды ар тараптан терең талдоого алуу менен сөз жасоо багытында түркология илиминин теориялык негиздерин пайдаланып, кыргыз тилинде сөз жасоонун механизимин, анын жалпы мыйзам ченемин тактап, тийиштүү илимий жыйынтык чыгарган. Эмгекте сөз жасоо каражаттарынын негизги топтору, ыкмалары жана алардын карым-катышы илимий негизде аныкталган. Академик Б. Ө. Орузбаева ширелишип кеткен сөз жасоочу морфологиялык каражаттар менен алардын функционалдык-генетикалык байланышын чечмелөө-

гө биринчи жолу зор аракет жасап, булар жөнүндө өзүнүн илимий көз карашын билдирген. Бул эмгегинде Б. М. Юнусалиевдин жана Ж. Ш. Шүкүровдун түгөйлүү жана татаал сөздөрдү структуралык-семантикалык жактан изилдөөдө айткан пикирлерин жана көз караштарын улантып, сөз жасоо процессине орус тилинин тийгизген таасири жөнүндө алгылыктуу оюн билдирип, сөз жасоонун мүмкүнчүлүктөрүн дагы кенен иликтөө керектигин туура белгилеген. Ушулардын негизинде татаал сөздөрдү тийиштүү даражада классификациялап, синонимдик жуптардын пайда болуу жолдорун тактаган жана алардын кыргыз тилчилери тарабынан колдоого ээ болгон этимологиясын берген. "Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жасалышы" монографиясында сөз жасоонун схемалык модели жана кыргыз тилинде сөздү жаратуунун ыкмалары жөнүндө Б. Ө. Орузбаеванын пикири кыргыз тилин изилдөөчүлөр тарабынан жаңылык катарында таанылып, иликтөө иштеринде негиз катарында колдонууга киргизилген. Б. Ө.Орузбаеванын аталган монографиясы кыргыз тилинде гана эмес, жалпы түркологияда актуалдуу проблеманы иликтеген, жаңы ой айткан, далилдүү теориялык жыйынтык чыгарган баалуу илимий эмгек болуп таанылган.

Академик Б. Ө. Орузбаева Терминология секторун (1966-1971), кийин Терминология жана түркология секторун (1971-1976) жетектеп турган мезгилдерде кыргыз адабий тилинин терминологиясын бир системага келтирүү жана терминдердин кыргызча-орусча сөздүктөрүн илимдин тармактары боюнча түзүп, басмадан чыгарууга, илимий-техникалык жана коомдук саясий терминологияны тартипке келтирүү жагынан кыйла иш жүргүзүп, кырктан ашык сөздүктү түзүүнү жана жарыкка чыгарууну уюштурган. Азыркы кыргыз терминологиясынын теориялык проблемаларын чагылдырган "Илимий-техникалык" жана коомдук-саясий терминдердин орусча-кыргызча сөздүгүн түзүү жана тартипке келтирүү боюнча колдонмо (1971), "Илимдин, терминологиянын, информациянын семантикалык проблемалары (1971)", "Азыркы кыргыз терминологиясы (1972)", "Кыргыз терминологиясы (1983)" деген макалалары менен китептерин жарыкка чыгарган. Аталган эмгектеринде азыркы кыргыз терминологиясын иликтөөнүн илимий негиздери белгиленип, көпчүлүк учурларда анын калыптанышы менен функцияланышына орус тилинин зор таасири бар экендигин көрсөтүп, терминологиялык лексика жалпы элдик лексикага көбүрөөк жакындашкандыгын, кыргыз тили мамлекеттик статуска ээ болушу менен тирүү тилдин кыргыз элдин турмушунун бардык жактарында колдонулушу, терминдердин структурасынын улуттук тилдин коомдук функциясынын кеңейиши менен шартталышы берилген.

Адабий тилди жана терминологияны нормалдаштыруу процессиндеги тажрыйбага таянып, Б. Ө. Орузбаева "Грамматикалык терминдерин кыргызча-орусча сөздүгүн" (1981) жана "Кыргыз терминологиясы" (1983) аттуу монографиясын жарыялаган.

Б. Ө. Орузбаева 1951-жылдан тартып республикада жүргүзүлгөн лексикографиялык ишке катышып, "Орусча-кыргызча сөздүктүн" авторлорунун жана редколлегиянын мүчөлөрүнүн бири болгон. Ал учурда мектеп окуучуларына арналган "Орусча-кыргызча сөздүк", "Кыргыз тилиндеги сөз өстүрүү системасы", "Кыргыз тилиндеги ат атооч", "Кыргыз тилинин грамматикасы", "Орфографиялык сөздүк" сыяктуу жана башка эмгектерди редакциялаган.

Илимий-уюштуруучулук жана талыкпай иштөө жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасында академик Б. Ө. Орузбаева республиканын белгилүү окумуштуулары менен биргеликте, 1976-1980-жылдары Кыргыз совет энциклопедиясынын башкы редактору болуп иштеп, кыргыздын улуттук-универсалдуу алты томдуу "Кыргыз совет энциклопедиясы", алардын алфавиттик көрсөткүчү (1982) жана анын орусча (1982), кыргызча (1983) атайын томдугун жарыкка чыгарышкан. Алардын жалпы көлөмү 360 басма табакты түзгөн.

Б. Ө. Орузбаеванын жетекчилиги жана анын катышуусу менен кыргыз энциклопедиясынын коллективи «Социалисттик Улуу Октябрь революциясы», «Орфографиялык сөздүк», «Фрунзе шаары – Кыгыз ССРинин борбору», «Советтик энциклопедиялык сөздүк» деген эмгектери жарыкка чыккан.

Кийинки мезгилдерде *Бүбүйна* Өмүрзаковнаны кыргыз ономастикасынын маселелери кызыктырып, бул багытта "Манас" эпосундагы этнонимдер жөнүндө, "Кыргыз-монгол лексикасындагы лексикалык параллель жөнүндө", "Кашкарлык Махмуддун сөздүгү – кыргыз тилинин лексикасын иликтөөнүн булагы" ж. б. макалаларын жарыялаган. Ал кыргыз тилин салыштырма-тарыхый планда чагылдырган эмгектери

тууралуу республикалык гана эмес, алыскы чет өлкөлөрдөгү эл аралык конференцияларда, симпозиумдарда да баяндама жасаган. Алсак, Токиодо өткөн антропология жана этнография илиминин VIII Эл аралык конгрессинде "Манас" эпосундагы этнонимдер жөнүндө (1968), 1969-жылы Берлинде болуп өткөн Алтаистика боюнча туруктуу 12-конференцияда "Кыргыз-монгол топонимдериндеги параллель жөнүндө", 1971-жылы Ферганада болуп өткөн Бүткүл союздук түркологиялык конференцияда "Кашкарлык Махмуддун "Дивани лугат-ит түрк" сөздүгү – кыргыз тили тарыхынын булагы", 1976-жылы Хельсинкиде Алтаистиканын туруктуу 19-конференциясында "Иран тилинен кабыл алынган сөздөрдүн кыргыз тилиндеги орду" ж.б. өңдүү илимий баяндамалары менен катышкан.

Б. Ө. Орузбаева кыргыз тилинин актуалдуу проблеммаларын көтөрүүдө ошол мезгилдин оор кырдаалына карабай, өз позициясынан тайбай кыргыз тилине мамлекеттик статус берүү жөнүндөгү мыйзамды иштеп чыгууга, анын кабыл алынышына активдүү катышкан. Б. Ө. Орузбаева илимий-изилдөө иштери менен катар өзүнчө лингвистикалык мектеп түзүп, илимдин ондогон мыкты, теоретик докторлорун тарбиялаган чоң устат катары да белгилүү боло алган. Алардын ичинен устаттын жолун жолдогон – КРсынын Улуттук илимдер академиясынын академиги даражасына ээ болгон, белгилүү окумуштуу Мусаев Сыртбай Жолдошович.

Жогорку окуу жайларынын студенттерине атайын курс, тил илимине киришүү боюнча лекция окуп, жаш муундардын билимин өстүргөн. Тил илими институтунун алдындагы кыргыз тили боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды кабыл алуучу адистештирилген кеңештин төрайымы, "Советтик түркология", "Илимдер академиясынын кабарлары", "Кыргызстан аялдары" журналдарынын редколлегиясынын, СССР Илимдер академиясынын Тил, адабият институтунун алдындагы түркология комитетинин, Тил илими институтунун илимий кеңешинин мүчөсү болгон.

Жогоркудай кыргыз тил илиминин калыптанышына, өнүгүшүнө өзүнүн барандуу салымын кошуу менен Б. Ө. Орузбаевага КР Илимдер улуттук академиясынын академиги, КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер, Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыктын ээси, Лингвистика боюнча К. Тыныстанов атындагы мамлекеттик сыйлыктын эки жолку лауреаты, Түрк Республикасынын "Turk Dıl Kurumu" коомунун чет өлкөлүк корреспондент-мүчөсү, республиканын бүт коомчулугу, мурунку союздун түркологдору, көптөгөн чет өлкөлөрдүн окумуштууларына эмгеги менен таанылган көрүнүктүү илимпоздук даражаларга ээ болду. Ошонун натыйжасында Б. Ө. Орузбаева Кыргыз Республикасынын Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Республиканын Жогорку Советинин ардак грамотасы, В. И. Лениндин 100 жылдыгына байланыштуу медаль, СССРдин эл чарбасынын көргөзмөсүнүн күмүш медалы, Түрк Республикасынын "Лиакет Нишаны", III даражадагы "Манас" ордени, "Даңк" медалы менен сыйланган. Кыргыз илимине кошкон салымын жогору баалап, ага 1993-жылы "Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер" деген ардактуу наамдар берилген.

Жыйынтыктап айтканда, азыркы кыргыз тилинин абалына, келечегине, өсүп-өнүгүшүнө күйүп-жанып кам көргөн, кыргыз тил илимине эмгегин сиңирген, тилчи-окумуштуу, акдемик Орузбаева Бүбүйна Өмүрзаковнанын ысымы көрүнүктүү кыргыз окумуштууларынын катарында өзгөчө барандуу орунду ээлейт.

**Адабияттар:**


1. Ахматов Т. К. Орузбаева Бүбүйна Өмүрзаковна. –Бишкек, 2004. -11-б.
2. Грамматикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. –Фр.: Илим, 1981, -104-б.
3. Кыргыз тилиндеги сөз жасоочу аффикстер: (Кыскача маалымат) – Фр.: Кыргыз ССР илимдер академиясы, 1958. -68-б.
4. Кыргыз адабий тилинин жалпы элдик негизи жөнүндө. – Фрунзе: Илим, 1968. – 92-б.
5. Кыргыз терминологиясы. – Фрунзе: Мектеп, 1983. -168-б.
6. Грамматикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. –Фр.: Илим, 1981, -104-б.
7. Орузбаева Б. Ө. Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жасалышы. – Фр.: Илим, 1964.-311-б.
8. Этиштин өткөн чагын уюштуруучу –чу мүчөсү// Мугалимдерге жардам. -1953. -№9. -20-23-б.